КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ
ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ
КОМПЬЮТЕР ИНЖЕНЕРИЯ БАГЫТЫ

SQUID ПРОКСИ СЕРВЕР НЕГИЗИНДЕ ВЕБ ТРАФИКТИН ОНЛАЙН МОНИТОРИНГИ ЖАНА ЭСЕП СИСТЕМИ.

(Squid proxy server bazında web trafiginin online gözlenmesi ve hesab sistemi.)

(МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ)

Тилек МАЙТЫКОВ

БИШКЕК 2010

КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ
ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ
КОМПЬЮТЕР ИНЖЕНЕРИЯ БАГЫТЫ

Squid прокси сервер негизинде веб трафиктин онлайн мониторинги жана эсеп системи.

(Squid proxy server bazında web trafiginin online gözlenmesi ve hesab sistemi.)

(МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ)

Майтыков Тилек

Жетекчи:
док. Бакыт Шаршембаев

БИШКЕК 2010

ЧЕЧИМ

Кыргыз-Түрк Манас Университетинин Табигый Илимдер Институтунун экзамендик инструкциясынын ….-жобосунун ылайык …….№ жыйында уюшулган комиссия, компьютер инженерия бөлүмүнүн магистранты ***Squid прокси сервер негизинде веб трафиктин онлайн мониторинги жана эсеп системи.***

темасында жазган дипломдук проектин анализдеп, 2010 ж. саат ….да жактоого кабыл алынды.

Магистрант ….минута убакыт ичинде дипломдук проектин жактап, комиссия көпчүлүк добуш менен/бир добуштан Кабыл алынбайт/Кабыл алынсын/Кайра оңдолсун деген чечим чыгарылды.

Жюри Мүчөсү (жетекчи) док. Бакыт Шаршембаев Кыргыз-Түрк Манас университети	Жюри Мүчөсү _____ Кыргыз-Түрк Манас университети
Жюри Мүчөсү _____ Кыргыз-Түрк Манас университети	Жюри Мүчөсү _____ Кыргыз-Түрк Манас университети
Жюри Мүчөсү _____ Кыргыз-Түрк Манас университети	Жюри Мүчөсү _____ Кыргыз-Түрк Манас университети

...../...../ 2010

КЫСКАЧА МАЗМУУНУ

Даярдаган:	Майтыков Тилек
Университет:	Кыргыз Түрк Манас университети
Багыты:	Компьютер инженерия адистик багыты
Иштин сыпаты:	Магистрдик иш
Беттердин саны:	VII+84
Бүтүрүү датасы:	18/06/2010
Илимий жетекчи:	док. Бакыт Шаршембаев

Squid прокси сервер негизинде веб трафиктин онлайн мониторинги жана эсеп системи.

Интернеттин өнүгүүсү менен интернет-трафигинин көлөмү да чоңоюсу белгилүү. Акыркы жылдары Интернеттин экспоненциалдык өсүп өнүгүүсү байкалууда жана информациондук революциянын башаты болуп келе жатат. Күндөн күнгө көптөгөн интернет сервистер пайда болууда. Бул сервистер ар түрдүү кызмат, маалымат, тейлөөлөрдү камтышат. Ар бир сервис ар түрдөгү, ар көлөмдөгү трафикти жаратат жана бул трафиктин изилдөөсүнүн негизинде дагы сапатту, дагы илгери тейлөөлөрдү жаратуу мүмкүн. Бүгүнкү күндө интернет трафиктин чоң ролду ойноору шексиз жана ар түрдүү тараптан изилденүүдө. Мындай изилдөөлөрдүн айрым учурунда ар бир мекемедеги системдик администраторлордун жүргүзөрү белгилүү. Мекемедеги колдонуучулар арасында интернетти бирдей бөлүштүрүү, кээ бир колдонуучулардын кыянаттык жоруктарына тыюу салуу максатында интернет трафиктин изилденүүсү бул айрым учурда актуалдуу экендиги сөзсүз. Учурдагы изилдөөдө так ушул проблемаларды чечүүдө жаралган кыйынчылыктарды, инструменттерди, методторду дагы терең кароо максаты коюлган. Конкреттүү SQUID прокси сервер базасында веб трафиктин онлайн мониторинги жана эсеп системи каралган.

Ачкыч сөздөр: прокси сервер, сервер, веб трафик, анализ, мониторинг, SQUID.

ÖZ

Squid proxy server bazında web trafiginin online gözlenmesi ve hesab sistemi

İnternet geliştikçe internet trafiğinin da artması söz konusudur. Her gün yüzlerce internet servisler ortaya çıkmakta. Bu servisler kullanıcılara her türlü bilgi, servis, ürün sunuyorlar. Bu internet servisler her türlü trafik yaratmakta ve bu trafiğinin araştırılması servislerin daha kaliteli düzeye çıkarılmasına yardım eder. Bugunkü günlerde internet trafik büyük kontrol altına alınıyor ve araştırılıyor. Böyle bir internet trafiğinin gözlenmesini her büyük şirketlerin administratörlörü yapmakta. Her kullanıcılara aynı internet genişliğini sağlamak için bazı taciz kullanıcıları tespit edip sınırlamak için. İşte bu tez ortaya cıkan problemi her taraftan araştırmak ve internet trafik araçların eksiklerin göz altına alarak daga geniş özelliklere sahip olan araç geliştirmektir. Konuyu daha soyutluşturarak SQUID proxy server bazında web trafiginin online gözlenmesi ve hesab sistemi geliştiriliyor.

Anahtar Sözcükler: proxy server, access.log, web-analizatör, SQUID, Internet, ağ kullanım, monitorleme.

ABSTRACT

Squid proxy server based online web traffic observation and account system

Internet traffic grows on the internet. Every day hundreds of Internet services emerging. These services are present to users some information, services, products. All this Internet services are creating traffic and anaylizing that traffic helps to level up quality of services. Today internet traffic is taken under control and investigation. Every major companies administrator is monitoring Internet traffic to ensure that all users share web chanel width and to detect and limit some abusive users. This thesis emerged from all sides of internet monitoring problem and trying to develop tool taking into account the missing features of exists solutions. To be more precisly we are going to use SQUID proxy server as a base and create online account system and monitoring of internet traffic tool.

Keywords: proxy server, access.log, web-analizator, SQUID, Internet, network utilization, monitoring.

КЫСКАРТУУЛАР

SQUID	Прокси сервердин аты
SARG	Лог-анализатордун аты
SAMS	Лог-анализатордун аты
FreeSA	Лог-анализатордун аты
MySAR	Лог-анализатордун аты
SQSTAT	Cache manager протоколун колдонгон анализатор
LightSquid	Лог-анализатордун аты
NFS	Network file system
DNS	Domain name system
IP/TCP	Internet protocol / Transmission Control Protocol
LDAP	Lightweight Directory Access Protocol
PAM	Protocol Analysis Module
SMB	Samba
NTLM	NT LAN Manager
FTP	File transfer protocol
HTTP	Hyper text transfer protocol
SOCKS	Socket protocol
NAT	Network Address Translation
UML	Unified Modeling language

ТАБЛИЦА, ГРАФИК, СҮРӨТТӨР

Маазмуну

Кириш

Биринчи бөлүмдө прокси сервер түшүнүгү, аткарган функциялары жана учурдагы күндө жаралган проблемалар каралган. Прокси серверлердин түрлөрү, тейлөө маселери, кемчиликтери жана артыкчылыктары боюнча салыштырылган. Айрыкча SQUID прокси сервери үстүндө токолуп, ички структурасы каралат.

Ал эми экинчи бөлүмдө учурда бар болгон анализаторлор үстүндө изилдөө жүргүзүлөт, жана тесттик компьютерде салыштырмалуу сыноодон өткөрүлүшөт. Бул сыноонун жыйынтыктары график жана таблица түрүндө келтирилет. Жыйынтыктын үстүндө анализ жүргүзүп дипломдук иштин максатына жараша жеңип чыккан анализаторлор белгиленип кийинки кадамдарда активдүү колдонулушат.

Жогорку бөлүмдөрдүн чыгарылаган жыйынтыктардын негизинде жана SQUID прокси сервердин мүмкүнчүлүктөрүн колдонулуп бар болгон анализаторлордун базасында прототиптер иштетилип чыгат. Бул прототиптердин өзгөчөлүктөрү жана кемчиликтерин карайбыз. Айрыкча SQUID прокси сервердин “cache_manager” протоколунда токтолобуз. Бул протокол адбан бай маалыматка ээ болгону менен учурда “cache_manager”протоколу менен иштеген абдан аз инструменттер бар болгондугун көрө алабыз. Бул протокол көбүнчө SQUID прокси серверди жараткан программистер тарабынан колдонулулат. Жана протокол өндүрүш прокси серверлерде тилекке каршы унутулуп калынат же болбосо такыр өчүрүлөт. Cache manager протоколуна өзгөчө көнүл коюлат жана учурдагы изилдөөнүн проблемасына жаракту чечим болгондугу белгиленет.

Бүгүнкү күндө веб трафиктин көптөгөн анализаторлору бар. Кээбир трафик анализаторлор өз алдынча система түрүндө иштешет, мисал катары UserGate[1], LabrisWebfilter[2] программалары (ичинде прокси сервер функциясы бар). Мындан сырткары веб трафикти анализдөө үчүн прокси сервердин лог

[1] www.entensys.com

[2] http://www.labris.eu

файлдарын анализдөө принцибине негизделген популярдуу программалар бар, мисал катары SQUID[3] + SARG[4] программалары.

Өз алдынча иштеген трафик анализаторлор (UserGate, LabrisWebfilter) кошумча тейлөө талап кылышат, ички код жабык болот, жана жаңы түрдөгү отчет жаратуу үчүн фирмага кайрылуу зарыл. Бирок коду ачык прокси серверлер бар, жана алардын жараткан протоколдук файлдары да ачык, жана бул файлдын негизинде оңой эле отчет түзүү мүмкүн. Мисал катары SQUID прокси серверде бир нече лог-анализаторлор жазылган. Көбүнчөлөрү сервер администраторлор тарабындан жазылып колдон колго өтүп жайылып таралган.

Проблема

Бүгүнкү күндө бар болгон анализаторлордун үстүндө изилдөө жүргүзүп төмөнкү проблемага туш келдик.

- Веб трафик отчетунун бир нече убакыт кечигүүсү (лог файлдын көлөмүнүн чоңдугунан көбүнчө лог-анализаторлор бир нече минутадан – бир нече саатка чейин иштеши мүмкүн)
- Веб-интерфейс жоктугу (Web-интерфейс аркылуу прокси сервердин жана анализатордун параметрлерин өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк жок болгондуктан, түздөн түз конфигурациялык файлды билип, таап, өзгөртүү зарыл)
- Отчеттун сактоо жана башкаруу түрү (көб учурда жөнөкөй html-файл түрүндө сакталат, ошондуктан сактоодо чон ыңгайсыздыктарга алып келет.)
- Заматта (онлайн) мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу

Прокси сервердин лог файлы орточо 500 мегабайт - 2 гигабайт чейин өсүшү мүмкүн [1]. Кээбир чоң мекемелерде бир суткада 8-10 гигабайтка чейин лог файлдын өсүшү байкалат Бул лог файлды иштетүү үчүн анализаторлор бир нече саат керектирет. Администраторлор анализаторду түнкү убакытка иштетип коюшат жана эртеси күнү гана маалыматты ала алышат жана заматта

[3] www.squid-cache.org

[4] http://sarg.sourceforge.net

(онлайн) трафик жөнүндө маалымат алуу кыйынчылыгына алып келет. Бул проблеманы cron-утилитасы жардамы менен анализаторду ар бир минута сайын чакыруу менен чечүүгө аракет жазашат. Учурдагы иштин максаты бар болгон SQUID прокси серверинин анализаторлорун изилдөө жана жаралган кыйнчылыктардын эффективдүү чечүү жолун табуу.

БӨЛҮМ-1 ПРОКСИ СЕРВЕР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА ТҮШҮНҮК

SQUID прокси сервердин пайда болушунун себеби Интернеттин популярдулугу жана бул себебтен колдонуучулардын күндөн күнгө көбөйүшү, сырткы IP (external IP) адрестердин баардык колдонуучуларга жетишсиздиги, коопсуздук суроосунун өсүшү болгон. IP4 протоколу боюнча саналуу[5] сандагы гана IP адрес болушу мүмкүн (бул жерде 192.168.0.0/16, 172.16.0.0/12 жана 10.0.0.0/8 адрестер ички тармакта гана колдонулат). Ошондой эле сырткы IP адрестер акчалай сатылгандыгы үчүн чоң мекемелерге (бир топ компютерлери бар болгон) абдан ыңгайсыз болгон. Мына ушул проблемаларды чечүү үчүн прокси серверлер иштетилип чыгышкан. Биринчи прокси серверлердин функциялары эң эле жөнөкөй болгон. Алар болгону ички тармактагы (internal network) колдонуучуларга Интернетке байланышты сунуштаган. Прокси сөзү (proxy) англисче тилде **«ишеништүү жак», «инанымдуу жак»** деп которулат. Башкача айтканда прокси сервер колдонуучу атындан Интернетте операцияларды аткарат, жана башка Интернеттеги сервистерге өз атынан баш урат. Мындайча колдонуучулар сырткы тармактарга белгисиз болуп калат. Так айтканда колдонуучулардын IP адрестери сыртка белгисиз болот, жалгыз гана прокси серведин IP адреси сыртка көрүнөт. Прокси сервер мындайча ички колдонуучуларды жашыруу функциясын да аткарып калат, жана сырткы салгылардан куткарат (анткени ички колдуучулар жашырылган).

[5] A-class 0.0.0.0 - 127.255.255.255, B-class 128.0.0.0 – 191.255.255.255, C-class 224.0.0.0 – 239.255.255.255

Бүгүнкү күндө кеңири колдонулаган маршрутизаторлор да окшош функцияларды аткарат, жана прокси серверледин бир түрү – NAT прокси сервер болуп саналышат. Булар дагы ички колдонуучуларга Интернет сунуштайт, ошондой эле колдонуучуларды жашырат. Бирок NAT маршрутизаторлордун жөнөкөй прокси серверлеге караганда бир кемчилиги бар. Маршрутизаторлор трафикти анализдей албайт. Алар жөн гана ички колдонуучулардан келген пакеттердин IP адресин өзүнүн IP адреси менен алмаштыруу жүргүзөт, жана тескеринче сырттан келген пакеттерди өзүнүн таблицасына жараша керектүү колдонуучуна жеткирет. Дагы бир өзгөчүлүк маршрутизатор ички колдонуучуларга физикалык байланышууну талап кылат. Башкача айтканда байланыш кабелдер түздөн түз маршрутизаторго байланыш керек. Ал эми прокси сервер болсо Интернеттин каалаган чекитинде орнотулушу мүмкүн, жана ички куралдарга туура келген колдонуучуга Интернет байланышын сунуштайт. Прокси серверлер маршрутизаторлорго караганда кэширлөө (cache) жүргүзө алат.

1.1 Прокси серверлердин типтери

Прокси серверлердин бир нече типтери бар, алар өз алдынча иштөө протоколдору менен айырмаланышат. Эң популярдуу прокси серверлердин типтери булар http-, Socks-, NAT-прокси серверлер. NAT прокси серверлер акыркы күндөрдө көбүнчө операциондук системалар менен курулуп келип жатышат. (Linux үй бүлөсүндө.)

HTTP прокси сервер – эң популярдуу болуп саналат. Атынан белгилүү болгондой бул прокси сервер HTTP протоколу менен иштейт, башкача айтканда браузерлер менен иштейт. Браузер проксиден керектүү барактарды талап кылганда, прокси өз атынан Интернеттен же болбосо кэштен керектүү баракты/ресурсту алып жеткирет.

Биздин изилдөөбуз HTTP протоколу менен иштеген SQUID прокси сервери болгондуктан бул типтеги проксилердин өзгөчөлүктөрүн карап кетсек:

- Кэширлөө мүмкүнчүлүгү бар. Коп колдонгон жана популярдуу баракгарды кэште сактайт мындайча сырткы трафиктин азайтуусуна жардам берет, ошондой эле баракгардын бат жүктөлүүсүнө себеп болот. Бирок бүгүн Интернет динамикалдуу[6] болгондугу үчүн көбүнчө веб-сайттар кэширлөөгө тыйю салып жатууда. Ошондуктан азыркы күндө кэширлөө менен трафиктин экономиясы максимум 15% түзөт. Эгерде чындап эле трафикти экономдоо суроосу коюлса HTTP прокси серверледи атайын бул талапка ыңгайлатып META баштыктарды каратпай койсо болот. (no-cache ачкычтык сөзүн)
- Кээбир сайтарды жабуу/тыюу мүмкүнчүлүгү бар, колдонуучулар боюнча тыюу салуу, аутентификация боюнча Интернет сунуштоо мүмкүнчүлүгү бар.
- Кээбир түрдөгү файлдардын жүктөө ылдамдыгын азайтуу жана мындайча Интернетти баардык колдонуучулар арасында бирдей бөлүп берүү мүмкүн.
- Рекламдык баннерлерди жабуу.
- Бир нече Интернет каналдар бар болсоо алардын ортосунда оптималдуу кылып трафикти бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгү.
- Жана эң маниилүү функциялардын бири бул колдонуучулардын терең статистикасын иштетип чыгаруу.

HTTPS прокси сервер – булар жөнөкөй HTTP прокси серверлерге окшош, жөн гана кошумча шифрлөө функциясы бар. Бул типтеги прокси серверлер коопсуздукту талап кылган мекемелер колдонушат (банктар, фирмалар). Жана бул типтеги прокси серверлер өтүп жаткан трафикти анализдөө жүргүзбөйт.

FTP прокси сервер – бул типтеги проксилер FTP протоколу менен иштейт. Азыр көбүнчө HTTP проксилер FTP менен иштей алышат, бирок алар толугу менен FTP протоколундагы баардык командаларды аткара алышпайт. Көбүнчө колдонуучуларга жетиштүү функцияларды гана камтыйт. Ошондуктан эгерде

[6] PHP/ASP/C# тилдери жардамы менен динамикалдуу HTML маалымат жаратуу.

толугу менен FTP протоколу менен прокси керек болсо атайын FTP прокси серверлер колдонулат.

SOCKS прокси сервер – SOCKetS сөзүнөн келип чыккан. Атайын иштетилип чыккан SOCKS протоколу менен иштейт. Бүгүнкү күндө булар эң универсалдуу прокси серверлер болуп саналат, жана каалаган протокол менен иштөөгө мүмкүнчүлүк берет. Ошондой эле колдонуучуларды сервер тараптан аутентификация жүргүзө алат.

Булардан башка да өтө специалдуу прокси серверлер да бар, алар саналуу программалар менен иштөөгө жөндөмдүрүлгөн, жана көп учурда атайын мекемелерде гана колдонулат. Дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе Интернетте көптөгөн прокси серверлер бар, алар каалаган колдонуучуларга прокси сервисин сунуштайт. Бул прокси серверлер «ачык прокси серверлер» же «анонимдүү прокси серверлер» деп аталышат. Каалаган колдонуучу өзүнүн жашыруусу келсе бул прокси сервер аркылуу Интернетке чыга алат.

1.2 Прокси сервер SQUID

Прокси сервер SQUID өз убагында акчалай сатылган HARVEST проектинен бөлүнүп жана энтузиасттар тарабынан өнүктүрүлүп келе жатат. SQUIDтин официалдуу сайты бул www.squid-cache.org. SQUID өтө өндүрүштүү кэширлөөчү прокси. Жана жөнөкөй колдонуучуларга абдан ыңгайлаштырылган. FTP/HTTP/HTTPS протоколдору менен иштей алат. SQUID кэширлөөчу прокси сервер болгондуктан кэширлөөчү прокси серверледин иерархиясын ICP/UDP (Internet Cache Protocol) протоколу менен түзүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Кэш катуу дискте сакталат, бирок кэш оперативдик эсте да сакталат, булар көбүнчө популярдуу DNS суроо талаптар, популярдуу интернет баракчалар.

SQUID көптөгөн аутентификация мүмкүнчүлүгүн да сунуштайт: NCSA, LDAP, MSNT, NTLM, PAM, SMB. Бул жерде MSNT жана NTLM түрлөрү Windows колдонуучуларды авторизация үчүн колдонулат.

SQUID прокси сервери замандаш Unix үй бүлөсүндөгү операциондук системалар үчүн өндүрүлгөн, бүгүнкү күндө төмөнкү операциондук системаларда иштейт:

- Linux
- FreeBSD
- NetBSD
- BSDI
- OSF and Digital Unix
- IRIX
- SunOS/Solaris
- NeXTStep
- SCO Unix
- AIX
- HP-UX
- OS/2

1.3 Прокси сервердин log- файлдары

SQUID прокси серверде лог файлдар абдан маанилүү функцияларды аткарат. Була файлдарда Squid тин иштөө каталары, системдик каталар, колдонуучулар жөнүндө жазуулары сакталат. Колдонулган эстин чондугу, процессордун убактысы, катуу дисктин колдонуусу жазылат. Прокси сервердин бул окуялар үчүн бир нече лог файлдын түрдөлү бар. Кээбирлерин колдонбой койсо болот, ал эми кээбирлери болсо абдан маанилү жана кошумча тейлөөнү талап кылат.

Лог файлдардын тизмеси:

• Squid.out – эгерде прокси сервер RunScript аркылуу иштетилсе анда бул жерде серведин иштөөгө баштаган убактысы сакталат жана баардык критикалык каталар жазылат (Assert функциясы жараткан). Болбосо бул файл таза бойдон калат.

• Cache.log – прокси сервердин дебаг каталары жазылат. Көбүнчө учурда бул файл маанилү саналат, жана прокси сервердин жаңы мүмкүнчүлүгүн тестирлөөдө, тейлөөдө чоң кызыктырат.

• Useragent.log – колдонуучулардын браузерлерин, алардын версиялары жазылат.

• Store.log – кэште сакталган обьектилердин үстүндө жүргүзүлгөн кадамдар жазылат. Обьект колдонулбайт, обьект кэштен өчүрүлдү, обьект диске сакталды, обьект дискте сакталган жана кайрадан окулган - сыяктуу.

• Access.log – эң маанилүү лог файл. Баардык лог анализаторлор бул файлдын жазууларына таянып рапорторду, статистикаларды жаратат. Бул файлдын структурасына өзгөчө маани бурабыз, төмөндө деталдуу түрдө каралат. Ар бир суроо-талап транзакциясынын негизинде файл орточо 100-200 байт ылдамдыгы менен өсөт.

1.4 Access.log лог файлы

Бул файлда абдан терең жана бай белгилер жазылат. Ар бир жазуу төмөнкү форматка таянат: "%9d.%03d %6d %s %s/%03d %d %s %s %s %s%s/%s %s". Бир сап 10 өтүнүчтүү эмес мамычадан турат. Мамычалар бош жер менен бөлүнөт.

```
    1066037222.011   19120 12.83.179.11 TCP_MISS/200 359 GET
http://ads.x10.com/720x300/Z2FtZ3JlZXRpbmcxLmRhd/7/AMG
DIRECT/63.211.210.20 text/html

    1066037222.011   34173 166.181.33.71 TCP_MISS/200 559 GET
http://coursesites.blackboard.com:8081/service/collab/../10107064481
90/ -DIRECT/216.200.107.101 application/octet-stream

    1066037222.011   19287 41.51.105.27 TCP_REFRESH_MISS/200 500
GET http://fn.yam.com/include/tsemark/show.js DIRECT/210.59.224.59
application/x-javascript
```

Мамычалардын касиеты төмөнкүдөй:

Time- Unix системасында колдонулган убакыт өлчөмү. UTC-Coordinated Universal Time секундасында берилет, чекиттен кийин миллисекунда тактыгына чейин көрсөтүлөт. Бул убакыт оңой эле биз көнгөн убакыт өлчөмүнө которулат. Мисал: «1066037222.011»

Duration – Ар бир http суроо-талаптын алган убактысы, миллисекунда өлчөмүндө. Суроо-талаптын иштетүү башынан ийгиликтүү аяктаганга чейинки убакытты көрсөтөт. Мисал: «19120»

Client address – колдонуучунун IP адреси. Башкача айтканда ички тармактагы суроо-талап жүргүзгөн колдонуучунун адреси. Мисал «192.168.20.127»

Result codes – бул мамыча суроо-талаптын жыйынтыгын белгилейт. Эки бөлүктөн турат, слэш символу менен ажыратылат. Биринчи бөлүк Squid тин өзүнүн коду, экинчи бөлүк болсо HTTP протоколунда жарыяланган абал кодтон турат. Мисал: «TCP_REFRESH_HIT/200». Төмөнкү таблица-1'де маанилүү ачкыч сөздөр көрсөтүлгөн.

Таблица-1 SQUID прокси серверге келген суроо-талаптын жыйынтыгынын абалын көрсөткөн чоңдуктар

Код	Кыскача мааниси
TCP_HIT	Обьект кэште сакталган жана табылды
TCP_MISS	Обьект кэште табылган жок
TCP_REFRESH_HIT	Обьект кэште, бирок эскирди, жаңы суроо талаптын негизинде http 304 коду келди.
TCP_REF_FAIL_HIT	Обьект кэште, бирок эскирди, суроо талап уратылды, эски обьект клиентке жеткирилди.
TCP_REFRESH_MISS	Обьект кэште, бирок эскирди, суроо талап ийгиликтүү аяктады, жаңы обьект клиентке жеткирилди.
TCP_CLIENT_REFRESH_MISS	No-cache башатынын негизинде жаңы суроо талап жүргүзүлдү.
TCP_IMS_HIT	IMS суроо талап негизинде кайрадан обьект жүктөө буйругу жүргүзүлдү
TCP_SWATFAIL_MISS	Обьект кэште сакталган, бирок окууга мүмкүнсүз.
TCP_NEGATIVE_HIT	Кэштелбеген обьектке суроо талап. (404 катасы)
TCP_MEM_HIT	Обьект кэште сакталган жана

	оперативдик эсте.
TCP_DENIED	Бул обьектке тыюу салынган
TCP_OFFLINE_HIT	Offline модто обьект кэште сакталган жана табылды
UDP_HIT	Обьект кэште сакталган жана табылды
UDP_MISS	Обьект кэште табылган жок
UDP_DENIED	Бул обьектке тыюу салынган
UDP_INVALID	Туура эмес суроо талап.
NONE	Ката келип чыкты.

Bytes – суроо-талаптын негизинде келген обьектин өлчөмү, байт менен көрсөтүлөт. Бул жерде обьектин баш аты (header) да эсептелет. Жана суроо-талаптын негизинде каталуу жооп келиши мүмкүн, бул каталуу жоптун өлчөмү дагы саналат. Мисалы: «68853».

Request method – суроо талаптын методун көргөзөт. Мисалы «GET», «POST». Таблица-2'де баардык методтордун тизмеси берилет.

Таблица-2 SQUID прокси сервердин суроо-талапта колдонгон методтору

Метод	Жарыяланган	Кыскача түшүнүк
GET	HTTP/0.9	обьектин суроо талабы.
HEAD	HTTP/1.0	метадатанын суроо талабы.
POST	HTTP/1.0	берилиш жиберүү
PUT	HTTP/1.1	берилиш жүктөө
DELETE	HTTP/1.1	берилишти өчүрүү
TRACE	HTTP/1.1	суроо талапты андуу
OPTIONS	HTTP/1.1	суроо талаптын касиети.
CONNECT	HTTP/1.1r3	SSL байланыш.
ICP_QUERY	Squid	ICP алмашуу.
PURGE	Squid	кэштен обьекти өчүрүү.
PROPFIND	rfc2518	обьектин касиетин суроо.
PROPATCH	rfc2518	обьктин касиетин өзгөртүү

MKCOL	rfc2518	жаңы байланышш түзүү.
COPY	rfc2518	обьектин көчүрмөсүн түзүү.
MOVE	rfc2518	обьекти ташуу
LOCK	rfc2518	обьекти өзгөртүүдөн коргоо.
UNLOCK	rfc2518	обьектке өзгөртүү уруксаты.

Cache.log файлы

Бул файлда сервердин иштөө учурунда пайда болгон окуялар сакталат. Каталар, эскертүүлөр, маалымат билдирүүлөр келтирилет. Бул файл абдан маанилүү файл, жана сервердин иштөөсүндө ката пайда болгондо эң биринчи орунда каралуучу жер болот. Файлдын ичинде мисал катары төмөнкү саптарды көрүүгө болот:

```
2010/09/29 12:09:45| Starting Squid Cache version 2.5.STABLE4 for i386-freebsd4.8...

2010/09/29 12:09:45| Process ID 18990

2010/09/29 12:09:45| With 1064 file descriptors available

2010/09/29 12:09:45| Performing DNS Tests...

2010/09/29 12:09:45| Successful DNS name lookup tests...

2010/09/29 12:09:45| DNS Socket created at 0.0.0.0, port 1154, FD 5

2010/09/29 12:09:45| Adding nameserver 24.221.192.5 from /etc/resolv.conf

2010/09/29 12:09:45| Adding nameserver 24.221.208.5 from /etc/resolv.conf

2010/09/29 12:09:45| helperOpenServers: Starting 5 'redirector.pl' processes

2010/09/29 12:09:45| Unlinkd pipe opened on FD 15

2010/09/29 12:09:45| Swap maxSize 10240 KB, estimated 787 objects

2010/09/29 12:09:45| Target number of buckets: 39

2010/09/29 12:09:45| Using 8192 Store buckets

2010/09/29 12:09:45| Max Mem  size: 8192 KB

2010/09/29 12:09:45| Max Swap size: 10240 KB

2010/09/29 12:09:45| Rebuilding storage in /usr/local/squid/var/cache (CLEAN)
```

```
2010/09/29 12:09:45| Using Least Load store dir selection

2010/09/29 12:09:45| Set Current Directory to
/usr/local/squid/var/cache

2010/09/29 12:09:45| Loaded Icons.

2010/09/29 12:09:45| Accepting HTTP connections at 0.0.0.0, port
3128, FD 16.

2010/09/29 12:09:45| Accepting ICP messages at 0.0.0.0, port 3130,
FD 17.

2010/09/29 12:09:45| WCCP Disabled.

2010/09/29 12:09:45| Ready to serve requests.
```

Ар бир сап убакыт өлчөмүндөн башталат, мындайча ар бир билдирүүнүн жаралган убактысын көрүүгө болот. Жогорудагы мисалда cache.log файлынын башкы гана саптары келтирилиген, жана бул жерде сервердин ийгиликтүү башталышын, жүктөлүүсүн жана колдонуучуларга сервис бере алатурган абалда экендигин көрүүгө болот. Ошондой эле каталарда бул жерде көрсөтүлөт.

Cache.log файлы негизи абдан жай өсүүчү файл болуп саналат, бирок кадиски эмес http транзакция негизинде же болбосо DDOS атака негизинде же болбосо кандайдыр вирустун иштөөсүнөн бул файл абдан бат өсүшү белгилүү. Ошондуктан бул файл дагы лог файлдардын ротациясы алдына алынышы керек. Мындайча биз катуу дисктин кокусунан толуп кетишинен сакталып калабыз.

Дебаг дэңгээл 1- ден чоң болгондо бул файл көптөгөн деталдуу эскертүүлөр жана маалыматтарды камтыйт, жана кийинки учурларда кандайдыр бир окуяны териштирүүдө кыйынчылык келтириши мүмкүн, ошондуктан дебаг дэңгээл 1-ден жогоруу болгондо абдан абайлоо керек. Ошондой эле лог анализатордун иштөөсүнө жана сервердин өзүнөн абдан чоң рессурсту талап кылат.

Cache.log файлына жазылган билдирүүлөрдү администратордун терминалына да жиберүү мүмкүн. Анын үчүн

```
/usr/local/squid/sbin/squid -d1
```

командасын колдонуу керек.

Store.log файлы

Бул файлда серведин кандайдыр бир обьекттин кэште сактоосун, же сактообосун чечүүчү билдирүүлөр сакталат. Ар бир сакталуучу, өчүрүлүүчү, сакталбоочу обьектилер үчүн бир саптык маалымат жазылат. Ал бетте бул маалымат абдан төмөнкү дэңгээлдэги маалыматты камтыйт, жана күнүмдүк жашоодо аз колдонулат. Бирок биздин изилдөөбүздүн максатына жетишүү үчүн бул файл абдан чоң ролду ойноору шексиз. Store.log файлы текстик, жана төмөнкүдөй саптарды камтыйт:

```
1067299212.671 RELEASE -1 FFFFFFFF 5ECD93934257594825659B596D9444BC
200 1067299023 1034873897 1067299023 image/jpeg 3386/3386 GET
http://ebiz0.ipixmedia.com/abc/ebiz/_EBIZ_3922eabf57d44e2a4c3e7cd234
a...

1067299212.786 RELEASE -1 FFFFFFFF B388F7B766B307ADEC044A4099946A21
200 1067297755 -1 -1 text/html -1/566 GET
http://www.evenflowrocks.com/pages/100303pic15.cfm
```

Бул жерде

Timestamp – окуянын жаралган убактысы (1067299212.671)

Action – обьектин үстүндө жүргүзүлгөн операция. Үч маанини алышы мүмкүн: Swapout (обьект ийгиликтүү кэшке сакталды), Release(обьект ийгиликтүү кэштен өчүрүлдү), So_Fail (обьектти кэшке сактоодо операция каталуу аяктады).

Directory number – папканын ондук сан менен жазылган аты (белгилүү болгондой SQUID сервердин кэш папкалары номер менен аталат). Эгерде обьект папкада жайгашпаса анда (-1) деген мааниге ээ болот.

File number – 25биттик файл идентификатор, бул идентификатор жардамы менен кэште сакталган обьекттин толук жолун табуу мүмкүн. Release жана Swapout операциясында бул чоңдук FFFFFF маанисине ээ болот.

Cache key – md5 хэш ачкыч, бул ачкыч жардамы менен сервер обьекттин сакталуу локациясын таба алат.

Status code – http суроо талаптын аяктоосунда пайда болгон статус код

Date – http жооптун анык убактысы, (-1) маани http жооптун каталуу анык убакытысы менен келгендигин билдирет, ал эми (-2) маниси болсо таптакыр бул чоңдук http жоопто жок келгендигин билдирет.

Last modified – атайын ачкычтык «last modified» чоңдугунун мааниси жана обьектин эң акыркы жолу өзгөртүлгөн убактысын көрсөтөт.

Expires – обьектин эскирүү убактысын көрсөтөт.

Content type - атайын ачкычтык «content type» чоңдугунун мааниси жана обьектин түрүн билдирет.

Content length – обьктин байт өлчөмүндөгү көлөмүн көрсөтөт.

Method – http протоколунда колдонгон метод түрүн көрсөтөт.

URI – сакталуучу обьектинин оригиналдуу жайгашкан толук адреси.

Серверди жүктөө

SQUID прокси сервер көбүнчө Линукс операциондук системалар үйбүлөсүндө кошо орнотулуп келет. Эгерде өзүнчө орнотуу керек болсо анда түздөн түз эле официалдык сайттан жүктөп алуу болот. Бул учурда администраторлор көптөгөн функцияларды кошуп же алып салуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Же болбосо «yum» утилита жардамы менен ортонуу мүмкүн (Fedora Core, RedHat). Бирок бул учурда бул утилиталар колдонуучудан көп сурөө сурабай эле программдык жабдууну корфигурациялап орнотушат.

Мисалы: yum install Squid

же жаңылатуу керек болсо:

```
yum update Squid
```

SQUID орнотулгандан кийн аны иштетүү үчүн:

```
service squid start
```

командасы колдонулат. (ошондой эле кайра жүктөө командасы «service squid restart» же токтотуу командасы «service squid stop»)

SQUID баардык каталарды /var/log/squid/output.log файлында сактайт. Эгерде кандайдыр бир каталар орун алса, же SQUID прокси сервери туруксуз иштей баштаса биринчиден бул файлга кайрылыш керек.

SQUID прокси сервердин баардык настройкалар /etc/squid/squid.conf файлында сакталат. Баардык конфигурациялык өзгөрмөлөр бул файлдын ичинде англис тилинде жазылган. Бул файлдын эң маанилүү бөлүктөрүн карап кетсек:

Параметр http_port бул параметр бир нече түрдө жазылышы мүмкүн.

```
Хосттун_аты: порт
IP_адрес : порт
```

Бул жерде порт, прокси сервердин иштөө порту. Бул порт аркылуу прокси сервер суроо талаптарды колдонуучулардан алат. HTTP прокси серверлер көбүнчө учурда 3128 портунда иштешет. Хосттун аты бул кайсы тармак интерфесте иштөөсүн көрсөтөт. Прокси сервер бир нече тармак интерфейстер менен иштей алат. Ошондо реалдуу мисал келтирсек төмөнкүдөй маанилер алынышы мүмкүн:

```
http_port 192.168.20.1:3128
http_port eth1:3128
```

Параметр https_port бул параметр жогорку параметрге окшош, жөн гана https протоколунун портун белгилейт.

Паметр icp_port бул параметр SQUIDпрокси серверин башка прокси серверлер менен кэш суроо талаптарды жүргүзүүчү портун белгилейт. Эгерде биздин прокси сервер кэшти башка прокси серверлер менен бөлүштүрбөсө бул параметрди өчүрүп коюболот.

Параметр cache_mem эң маанилүү параметрледин бири. SQUID ке бөлүнүп берилген коп колдонулган обьекттердин оперативдик эстеги чоңдугүн аныктайт.

Параметр cache_swap_low, cache_swap_high дискти максималдуу (процент менен берилет) колдонуу параметрлери.

1.5 Squid'тин командалык сап опциялары

Squid прокси сервери командалык саптын жардамы менен иштетилет, жана GUI интерфейси жок болот. Ошондуктан прокси сервери командалык сапта көптөгөн опцияларды камтыйт.

-a port: Жаңы http_port маанисин берет. Бул опция дайыма squid.conf конфигурациялык файлдагы http_port маанисинен жогору болот.

-d level: Прокси сервер дебаг билдирүүлөрдү stderr го жазат. (ошондой эле cache.log файлына). Бул жерде level чоңдугу дебаг билдирүүнүн дэңгээлин билдирет. Коп учурда "-d1" жетиштүү жана информативдүү болот.

-file: Альтернативдүү конфигурациондук файлдын жолун көрсөтөт.

-h: Прокси серведин жардамчы баракчасын көрсөтөт жана ар бир опцияга кыскыча баяндама берилет

-k function: Прокси серверге атайын сигналдарды жиберүү опциясы. Бул жерде "function" төмөнкүлөрдөн болушу мүмкүн: reconfigure, rotate, shutdown, interrupt, kill, debug, check, parse. Ар бир опция прокси сервердин иштөөсүнө жана абалына административдик башкаруу мүмкүнчүлүгүн берет.

-v: Прокси сервердин версиясын көрсөтөт

-z: Cache папкаларды жаратуу үчүн колдонулат. Прокси сервер эң биринчи жолу иштегенде бул опция дайыма колдонуу зарыл. Болбосо прокси сервер каталуу аякталат.

-D: DNS тестирирлөөнү өчүрөт. Башкача айтканда прокси сервер ДНС сервердин иштөөсүн текшербеден баштатылат. Бул опция колдонбосо прокси сервер ДНС серверди текшерет, жана ДНС жооп келбесе прокси сервер баштатылбайт.

-F: Прокси серверди баардык суроо талаптарды кабыл албоо абалына өткөрөт.

-N: Прокси сервердин «демон» процессине өткөрбөө опциясы.

-X: Толук дебаг абалына алып келет.

1.6 Named Pipes түшүнүгү

Pipe-англис тилинде «түтүк» дегенди билдирет. Бул термин Unix операциндук системасындан келет. Бул операциондук системаларда named pipe тын жардамы менен эки ар түрдүү процесстердин бири-бири менен маалымат алмашууна жардам берет. Named pipe ты бир процесс окуйт, ал эми экинчи процесс named pipe ка жазат. Башкача айтканда түтүктүн бир башында жазуучу процесс ал эми экинчи башында окуучу процесс жайгашкан. Мындан named pipe тын бир гана тарапка (half – duplex) маалымат өткөрө алатурганы түшүнүктүү. Эгерде эки тарапка маалымат жиберүү керек болсо (full – duplex) анда эки named pipe жаратуу керек, жана ар бир процесс бир named pipe ты окуу үчүн ал эми экинчи named pipe ты жазуу үчүн ачыш керек. Тескеринче экинчи процесс болсо биринчи named pipe ты жазуу ал эми экинчи named pipe ты окуу үчүн ачыш керек. Ошондо эки ар түрдүү процесстер арасында full – duplex маалымат агышы түзүлөт. Named pipe ты окуучу процесс болмоюнча жазуучу процесс блоктолот. Башкача айтканда named pipe тын иштешүү үчүн окуучу жана жазуучу процесстер болушу зарыл. Болбосо процесстер токтолуат (блоктолот). Ошондуктан named pipe ты колдонууда абдан чоң ишмердүүлүктү талап кылат. [2]

Named pipe ты жаратуу

named pipe эки жол менен жаратылышы мүмкүн. Бул командалык саптын (comman line) жардамы менен же болбосо программдык жол менен жаратуу мүмкүн. Командалык сапта «mkfifo» жана «mknod» жардамы менен түзүлөт.

Мисал:

```
mkfifo /tmp/pipename.log
```

Ал эми программа жолу менен болсо төмөнкү функция чакырылыш керек.

```
int mkfifo (const char* path, mode_t mode)
```

named pipe окуу үчүн ачуу open() же fopen() функциялары чакырылыш керек.Эгерде функция катасыз иштеп бутсө ал кайрадан файл дискрипторду кайтарып берет. Жана бул файл дискриптордун жардамы менен жөнөкөй жазуу (write) окуу (read) операцияларын аткаруу болот. [2]

named pipe бир учурда окуу жана жазуу үчүн ачылбашы керек. Процесс же окуу же болбосо жазуу модунда named pipe ты ачуу зарыл. Бир түрдөн (окуу же жазуу) ачылган named pipe кайрадан башка түргө өтө албайт, жабылышы зарыл. [2]

named pipe тын өзгөчөлүктөрү

- named pipe колдонууда оңой жана жөнөкөй
- эч кандай синхронизацияны керектирбейт
- жазуу операциясы «атомдук» болуп саналат. Башкача айтканда «заматта» жазуу операциясы аткарылат.
- named pipe тын жөнөкөй файлдардыкындай коопсуздук касиеттери бар

named pipe тын кемчиликтери

- named pipe бир компьютерде жаратылган процесстин арасында гана колдонула алат. Башкача айтканда тармак аркылуу маалымат алмашууда колдонулбайт.
- named pipe локалдык файл системада жаратылат. Ошондуктан named pipe ты биз NFS файл системасында жарата албайбыз.
- Программаладоодо абдан чоң кылдаттыкты талап кылат (блокировкаларды жаратпоо үчүн).

БӨЛҮМ – 2 АНАЛИЗ ЖАНА МЕТОДТОР

2.1 Учурда бар болгон анализаторлор

Төмөнкү таблица-3'тө SQUID тин жараткан лог файлын анализдөөчү программалардын тизмеси жана кыскача өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн.

Таблица-3 Учурда бар болгон лог-анализаторлордун тизмеси жана касиеттери

Аты	БД	Прог.тили	ОС	Шилтеме
Free SA	**Жок**	C/PHP	Linux, Unix	http://sourceforge.net/projects/free-sa/files/
LightSquid	**Жок**	Perl	Linux, Unix	http://lightsquid.sourceforge.net/
ProxyStat	**Жок**	Perl	Linux, Unix	-
MySAR	MySQL	PHP/C++	Linux, Unix	http:// giannis.stoilis.gr/software/mysar/
SAMS	MySQL	C++	Linux, Unix	http://sams.perm.ru/
SARG	**Жок**	C	Linux, Unix	http://sarg.sourceforge.net/
Squid Traffic Counter	**Жок**	Sh, Perl, CGI	Linux, Unix	http://stc.nixdev.org
Squid2MySQL	MySQL	PHP	Linux, Unix	http://evc.fromru.com/squid2mysql/index.html
SquidGuard	**Жок**	C	Linux, Unix	http://www.squidguard.org/
Squid-PB	MySQL	PHP	Linux, Unix	http://pb.pils.ru/
Statman	PostreSQL	Perl	Linux, Unix	http://cyberos.narod.ru/statman/index.html

FreeSA- жаңы лог анализатор болуп саналат, жана C тилинде жазылган. Функционалдык жактан абдан SARG жана LightSquid анализаторлорго окшош.

Эң негизги айырмачылык бул отчеттун жаратуу убактысы 7 жана 20 эсе бат. Кошумча серверди баалоо жана сыноочу отчетторду камтыйт. Журналдык файлдардын ар түрдүү форматтарын тейлей алат, алардын ичине SQUID, CLF, Postfix, Qmail, CGP жараткан лог файлдарды анализдейт. Отчеттор html файлдарда сакталат. [4]

LightSquid – бат жана жыйнак SQUID лог анализатор. Perl тилинде жазылган база катары SARG колдонулган. Оңой жана бат жүктөлөт, толукча модульдарды талап кылбайт. SARG'ка салыштырмалуу катуу диске аз орун ээлейт. Статистикаларды кароо үчүн веб интерфейси бар. Отчеттер файл түрүндө сакталат. Жалпы отчет, колдонуучулар боюнча отчет, ар күндөр боюнча отчет, убакыт боюнча отчет жаратат. [6]

Squid-PB – эң маанилүү мүмкүнчүлүк бул колдонуучуларды лимит аяктаганда интернетке кирүүгө тыйюу салуу. C- тилинде жазылган, жана веб интерфеси бар. Берилиштер базасын колдот PHP+MySQL. [12]

Squid Traffic Counter – бир нече скриптердин тизмесинден турган система (sh, perl, perl+CGI) колдонуучуларды аутентификация жана лимиттөөчү мүмкүнчүлүктөрүн камтыйт. Веб интерфеси бар, жана узактан администрлөөгө мүмкүндүк берет. [9]

Squserlim- колдонуучуларга квота аркылуу интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар, квоталар каалаган мөөнөткө жарыяланышы мүмкүн. Квоталар MySQL де сакталат.

SquidParser – колдонуучуларды башкаруу системасы, баланстын учетун жүргүзөт, колдонуучуларды оңой тейлөө мүмкүнчүлүгү бар. Perl жана MySQL менен жазылган.

SAMS- абдан ыңгайлуу жана оңой тейлөө мүмкүнчүлүн камтыйт. Прокси серверге колдонуучуларды аутентификация аркылуу уруксат берет. Жана Windows системалардагы NTLM аутентификация протоколун. [5]

2.2 Эң популярдуу анализаторлорду изилдөө

Бул жерде эң популярдуу жана кеңири таралган анализаторлор булар LightSquid, FreeSA, SAMS, MySAR. Булардын баардыгы «GNU General Public

License»[7] лицензиясы менен эркин таркатылат. Бул үч анализаторлор бир системага[8] орнотулуп, жана иштөө убактысы боюнча салыштырылып төмөнкү таблица-4төгү жыйынтыка жетиштик.

Таблица-4 Лог-анализаторлордун тест жыйынтыктары

	Access.log файлдын көлөмү			
	10Mb	20Mb	30Mb	40Mb
Free-SA	2,21 сек	4,79 сек	7,03 сек	10,72 сек
Lightsquid	3,6 сек	7,61 сек	10,76 сек	14,73 сек
SAMS	73,18 сек	148,81 сек	223,43 сек	298,45 сек
MySAR	273,57сек	538,17 сек	808,36 сек	1113.11 сек

График-1 Таблица - 4 түн негизинде курулган график.



[7] http://www.gnu.org/copyleft/gpl.html

[8] FreeBSD 8.0 RELEASE, Squid Cache 2.7 STABLE7, MySQL 5.0.86, Apache 2.2.13, GCC 4.2.1, PHP 5.2.11, Perl 5.8.9

Бул жерде көрүнгөндөй SAMS жана MySAR абдан жай иштөөдө. Анын себеби SAMS жана MySAR баардык маалыматты берилиштер базасында сакташат. Ошондуктан лог файлды анализдөөдө Free-SA жана Lightsquid тен абдан артта калышкан. Бирок БД-да сакталган маалымат үстүндө кошумча амал жүргүзүү мүмкүн. Ошондой эле SAMS тын абдан ыңгайлуу Web-интерфейси бар. Ушул өзгөчүлүгү үчүн SAMS популярдуу болуп келе жатат.

SAMS жана MySAR иштөө убакыты боюнча абдан артта калган үчүн кийнки тестерде катышка алынган жок. Ал эми төмөнкү таблица-5 боюнча Free-SA анализатору access.log файлы чоң болгон сайын Lightsquid-тен батыраак иштеши көрүнүп турат.

Таблица-5 Лог-анализаторлордун тест жыйынтыктары (access.log файлынын көлөмү өзгөрүлгөн)

	Access.log файлдын көлөмү						
	100Mb	200Mb	300Mb	400Mb	500Mb	600Mb	700Mb
Free-SA	30,6 сек	73,37 сек	109,17 сек	147,91 сек	169,75 сек	197,3 сек	233,68 сек
Lightsquid	34,73 сек	77,96 сек	115,33 сек	155,29 сек	188,31 сек	224,45 сек	262,33 сек
айырма	**4,13**	**4,59**	**6,16**	**7,38**	**18,56**	**27,15**	**28,65**

График - 2. Таблица - 4 түн негизинде курулган график



Бул кубулуш Free-SA анализатору «C» тилинде, ал эми Lightsquid болсо «Perl» тилинде жазылгандыгы үчүн байкалууда.

Изилдөөнүн негизинде бүгүнкү күндө бар болгон жана кеңири колдонулган Squid прокси сервердин анализаторлордун ичинен эң бат иштеген FreeSA болуп чыкты. Ал эми эң ыңгайлуу жана оңой тейлөө өзгөчүлүгү менен SAMS жеңип чыкты.

Access.log файлы чоң болгон сайын БД'ны колдонгон анализаторлор абдан ыңгайсыз болоору көрүнүктүү (SAMS, MySAR). Бул ыңгайсыздыкты cron утилитасы жардамы менен чечүү мүмкүн (мисалы: анализатор ар 5 минута сайын иштетилет, мындайча access.log файлдын көлөмү кичине болуп турат).

Бирок эч бири жогоруда көрсөтүлүп кеткен проблемаларды толук түрдө чече албайт. Free-SA бат иштегени менен төмөнкү кемчиликтери бар:

жыйынтык/отчет файл түрүндө сакталат;

онлайн мониторинг өзгөчөлүгү жок (cron жардамы керек).

SAMS болсо

абдан жай иштейт;

онлайн мониторинг өзгөчүлүгү 10сек интервал менен иштейт

2.3 The Cache Manager

SQUID прокси серведин ички компоненттеринин статусун көрүү үчүн «cache manager» деген протокол-интерфейси бар. Бул интерфейске жөнөкөй эле HTTP суроо талап менен кирүү мүмкүн. Толук HTTP суроо талап төмөнкүдөй болот:

```
cache_object://cache.host.name/info
```

«cache manager» интерфесиндеги маалыматты squidclient утилитасы жардамы менен көрүү болот. Эң жөнөкөй түрдө командалык сапта иштейт жана командалык сапка маалыматты чыгарат. Бул кээбир чоң маалыматты, таблицаларды көрүүдө/окууда кыйнчылык жаратат. Squidclient cache_manager'деги маалыматты файлга сактап калып, кийин анализдөө үчүн колдонушу мүмкүн.

Cache_manager'деги маалымат абдан маанилүү болот, жана башка колдонуучулар тарабынан көрүнбөш керек. Ошондуктан squid.conf файлында атайын ишенимдүү IP адрестердин тизмесин киргизип жана тизмеден сырткары эч кимге уруксат бербөө керек.

2.4 Cache_manager'дин бөлүмдөрү

Төмөнкү таблица-6'да cache_manager'дин бөлүмтөрү жана алардын кыскача түшүнүктөрү келтирилген. Жылдызча менен белгиленген бөлүмдөр сыр сөздү (паролду) талап кылат.

Таблица-6 cache manager протоколунун бөлүмдөрү

Бөлүм аты	**Кыскача түшүнүк**
leaks	Memory Leak Tracking
mem	Memory Utilization
cbdata	Callback Data Registry Contents
events	Event Queue
